«Бекитемин»

ОГПИнин ректору,

п.и.д.,профессор Б.Б. Зулуев.

_____

“____” _____2021

ОГПинин профессордук-окутуучулук курамынын арасында өткөрүлүүчү «Мыкты улук окутуучу», «Мыкты окутуучу» аталышы боюнча конкурстун

ЖОБОСУ

1. Жалпы жоболор

1.1. Ош гуманитардык педагогикалык институтунун билим берүү процесинин сапатын тереңдетүү, профессордук-окутуучулук курамдын ишмердигинин эффективдүүлүгүн жогорулатуу жана педагогикалык ишмердүүлүгүн стимулдаштыруу максатында ушул конкурс өткөрүлөт. Конкурстун жүрүшү жогорку билим берүүгө өзүнчө, колледжге өзүнчө каралат.

1.2.**«Мыкты улук окутуучу», «Мыкты окутуучу» аталышы боюнча конкурска** ОГПИнин бардык доценттери, улук окутуучулары, окутуучулары катыша алышат.

1.3. Конкурс жөнүндө жобо, конкурстук комиссиянын курамы, сыйлык фондунун өлчөмү окуу жайдын ректору тарабынан бекитилет.

1.4. Конкурс жөнүндө маалымат окуу жайдын официалдуу сайтына жайгаштырылат жана институттун бардык бөлүмдөрүнүн жетекчилерине арыздарды кабыл алуудан 10 күн эрте маалымдалат.

1.5. Конкурска катышуу үчүн арыздар окуу бөлүмүндө, билим берүүнүн сапаты бөлүмүндө кабыл алынат.

2. Конкурстун максаты жана милдеттери:

● Билим берүү процессинин сапатын жана окуу планындагы дисциплиналардын мамлекеттик тилде даярдалган окуу-усулдук эмгектер менен камсыздалуу деңгээлин жогорулатуу;

● Алдынкы тажрыйбаны, жаңычыл педагогикалык технологияларды, окутууга компетенттүүлүк мамилени табуу жана жайылтуу;

● Билим берүүнүн сапатын жогорулатуу;

● Ачык сабактарды өткөрүү менен педагог-новаторлорду колдоо жана жаш окутуучулардын кесиптик чеберчилигин өстүрүү;

2.1. Арыздарды толтуруу эрежеси ушул жобонун II бөлүмүндө берилиет.

2.2. Конкурс эки этап (тур) менен өткөрүлөт.

Конкурстун биринчи этабын институттун структуралык бөлүмдөрүндөгү факультеттердин, колледждердин усулдук комиссиялары тарабынан жүргүзүлөт. Экинчи этап бүтүндөй институт боюнча конкурстук комиссия тарабынан өткөрүлөт.

I тур: **5 --апрелден** **1 -майга чейин.**

II тур: **3 -майдан** **15-майга чейин (окуу процессинин графигине жараша)**

2.4. Конкурска ар бир факультеттерден, колледждеги бардык кафедралар катышууга укуктуу;

2.5. Мурдагы конкурстун жеңүүчүлөрү эки жылдан кийин катышууга укуктуу;

3. Конкурска арыздарды берүү

3.1. Факультеттердин, колледждин усулдук комиссиялары институттун конкурстук комиссиясына ар бир аталыш (номинация) боюнча бирден ашпаган гана конкурсантты сунуштай алышат;

3.2. Факультеттердин, колледждин усулдук комиссиясынын чечими төмөнкүлөрдү камтышы керек:

● Конкурстун экинчи этабына өткөн конкурсанттын толук аты-жөнү, ээлеген кызматы жана конкурстун аталышы (номинациясы);

● Конкурсанттын факультеттин (биринчи) турда өткөн сабагынын иштелмесинин түп нускасы;

● Төраганын кол тамгасы менен тиешелүү структура жетекчиси (декан, директор) бекиткен комиссиянын чечими;

3.3. Конкурс төмөнкү аталыштар боюнча жүргүзүлөт:

1. **«Мыкты окутуучу»**

2. **«Мыкты улук окутуучу»**

3.4. Конкурска 2019-2020-окуу жылындагы жана 2020-2021-окуу жылынын биринчи жарым жылдыгындагы иштердин жыйынтыгы каралат.

4. Ачык сабактарды өтүгө коюлуучу талаптар (1-90 балл)

- Педагогикалык чеберчилигин демонстрациялаган ачык сабак өтүү;
- Сабактын темасынын дисциплинанын жумушчу программасы менен дал келүүсү;
- Сабактын уюштурулушу;
- Сабактын максатынын коюлушу;
- Сабактын жабдылышы (жаңычылдыгы) ;
- Сабактын формасы (салттуу, салттуу эмес);
- Колдонулган усулунун заманбаптыгы;
- Интерактивдүү досканы (милдеттүү түрдө) пайдалануусу;

Эскертүү: Ачык сабактын анализи 3-тиркемеде берилет. Талапкердин ачык сабагынан башка атайын өтүлүүчү күнүмдүк сабагына катышуу да пландаштырылат.

5. Конкурска катышуу үчүн талаптар:

5.1. Конкурстун катышуучусу атайын папкага төмөнкү документтерди тиркейт:

- Кафедранын кеңешмесинин токтомунан көчүрмө;
- Конкурска катышуучунун арызы (1 тиркеме);
- Конкурска катышуучунун анкетасы (2 тиркеме);
- Илимий эмгектеринин тизмелери;
- Алган сыйлыктары;
- Электрондук версиядагы лекциялары (AVN программасына жайгаштырылган окуу-усулдук эмгектери, тесттик тапшырмалары), (ар бирине1-5 балл берилет);
- Ачык сабактын анализи (3-тиркеме);
- Өткөн сабактары боюнча онлайн сабактардын топтому (конкурска катышып жаткан талапкер 25% дан кем эмес онлайн сабактарын интернет желесине же АВН программасына жайгаштыруусу керек), (ар бирине1-5 балл берилет);
- Видео сабактардын иштелмелеринин болушу;

- Окуу куралы, усулдук колдонмосу-ар бирине 15 балл;

6.Конкурстун жыйынтыгын чыгаруу жана сыйлоо:

6.1. Конкурстун жыйынтыгы конкурстук комиссия тарабынан чыгарылат. Чечим конкурстук комиссиянын отурумунда ачык добуш берүү жана добуштардын көпчүлүгү менен кабыл алынат, протоколдун негизинде токтом чыгарылат. Кворум үчүн 2/3 кем эмес комиссия мүчөлөрүнүн катышуусу зарыл.

6.2. Конкурстун жеңүүчүлөрү 1,2,3-даражадагы дипломдор жана акчалай сыйлыктар менен сыйланат.

1-тиркеме

«Мыкты улук окутуучу» жана «Мыкты окутуучу» аталышы боюнча конкурсуна катышуу үчүн арыздын формасы

«Мыкты профессор», «Мыкты доцент»,

«Мыкты улук окутуучу», «Мыкты окутуучу»

аталышы боюнча конкурсттук комиссиясына

АРЫЗ

Факультети кафедрасы ээлеген кызматы аты-жөнү тарабынан

«Мыкты профессор», «Мыкты доцент», «Мыкты улук окутуучу» жана «Мыкты окутуучу» (тиешелүү багыт гана көрсөтүлөт) конкурсуна катышуу үчүн тиешелүү документтердин кабыл алынышын суранам. Конкурстун жобосу жана өткөрүү мөөнөттөрү менен тааныштым.

Жобого ылайык талап кылынган документтер тиркелет.

2-тиркеме

“Мыкты профессор”, “Мыкты доцент”, “Мыкты улук окутуучу” жана «Мыкты окутуучу” конкурсуна катышуучусунун

Анкетасы

1.Факультети, колледжи.

2.Кафедрасы,бөлүмү

3.Катышуучунун аты-жөнү, кызматы, окмуштуулук даражасы.

4.Сабак өткөн дисциплинасынын аталышы.

5.Дисциплина боюнча сабак өткөн тайпадагы студенттердин контингенти (факультет,курс,тайпа)

Кокурсанттын кол тамгасы менен тастыкталат.

3-тиркеме

Баалоо критерийлери:

I. Сабактын максаты (максималдык балл 15, ар бир критерий боюнча 5 ке чейин балл коюлат)

1.1.Мамалекеттик билим берүү стандартына жана дисциплина боюнча жумушчу программага дал келиши;

1.2.Окутуунун үчилтик функциясы (билим берүүчүлүк, түшүндүрүүчүлүк, тарбиялоочулук) эсепке алынгандыгы;

1.3. Конкреттүү коюлгандыгы, студенттерге түшүндүрүлгөндүгү жана алар үчүн ачык айкын, өлчөнгөндөй болушу;

II. Сабактын мазмуну (максималдык балл 15, ар бир критерий боюнча 5 ке чейин балл коюлат)

2.1.Сабактын максатына ылайык келиши;

2.2.Дидактикалык принциптердин (илимийлүүлүк, принциптүүлүк, жеткиликтүүлүк, ж.б.) ишке ашырылышы;

2.3.Практика менен байланыштырылышы.

III.Методдор жана ыкмалар (максималдык балл 15, ар бир критерий боюнча 5 ке чейин балл коюлат)

3.1. Сабактын максатына, окуп үйрөнүлүүчү материалдын мазмунуна ылайык келиши;

3.2.Студенттердин өз алдынча иштөөсүнө түрткү берүүсү, анализдөө, синтездөө, классификациялоо, жалпылоо, тыянак чыгаруу, көндүмдөрүнө багытталышы;

3.3. Студенттердин иш-аракеттерин активдештирүүгө багытталышы.

IV. Окутуучулардын окуучулардын окуу иштерин уюштуруунун формалары (максималдык балл-9, ар бир критерий боюнча 3кө чейин балл коюлат)

V. Окутуунун каражаттары (максималдык балл-9, ар бир критерий боюнча 3кө чейин балл коюлат)

5.1. Сабактын максатына жана мазмунуна ылайык келиши;

5.2. Сабактын ар түрдүү этаптарында орду менен колдонулушу;

5.3. Техникалык коопсуздук эрежелеринин, санитардык-гигиеналык талаптардын сакталышы.

VI. Үй тапшырмасы жана сабакты жыйынтыктоо (максималдык балл-9, ар бир критерий боюнча 3кө чейин балл коюлат)

6.1. Үй тапшырмасынын өтүлгөн материалга дал келиши жана аны аткаруунун жол жобосунун түшүндүрүлүшү;

6.2. Сабак учурунда студенттердин иш-аракетинин жана алардын жетишкендиктеринин бааланышы;

6.3. Сабактын натыйжаларынын анын максаты менен салыштырылышы.

VII. Окутуучунун педагогикалык маданияты жана окуткан предмети боюнча даярдыгынын деңгээли (максималдык балл-9, ар бир критерий боюнча 3кө чейин балл коюлат)

7.1.Студенттерге жасаган мамилеси;

7.1.Сабакта өзүн алып жүрүүсү, сырткы көрүнүшү, сүйлөөсүнүн темпи, образдуулугу, эмоционалдуулугу;

7.3.Өзүнүн предметинин мазмунун билиши.

VIII. Аудиториядагы атмосфера (максималдык балл-9, ар бир критерий боюнча 3кө чейин балл коюлат).

8.1.Ар бир студенттин активдүү, өз алдынча болуусуна шарттардын түзүлүшү;

8.2. Жооп берип жаткан студенттин анын өздөштүрүү деңгээлине карабастан урматтоо менен, көңүл коюп угууга шарттардын түзүлүшү;

8.3.Студенттерди окутуучунун ар кандай (мактоо, жылмаюу, башынан, далысынан таптоо) менен кубаттоосу.

ОГПинин профессордук-окутуучулук курамынын арасында өткөрүлүүчү «Мыкты улук окутуучу», «Мыкты окутуучу» аталышы боюнча конкурсунун баалоо комиссиясынын курамы:

1.п.и.к., доцент Мондошов Ш.Н. Кыргыз Россия факультетинин деканы;

2. п.и.к., доцент К.Т.Турдубаева Математика жана компютердик технологиялар факультетинин деканы;

3. п.и.к., доцент Минбаева К.Б. Музыкалык- педагогикалык факультетинин деканы;

4. г.и.д., профессор Топчубаев А.Б. Табият таануу жана география факультетинин деканы;

5. соц.и.к., доцент Маткаримов Н.Т. Гуманитардык факультетинин деканы;

6. доцент Мамытов К.А. Дене тарбия факультетинин деканы;

7. Кырбашев Т.К. Колледждин башчысы.

Эскертүү: Комиссиянын курамы өз ара сүйлөшүү менен төрага (төрайым) шайлап алышат.

Суроолор боюнча билим берүүнүн сапаты бөлүмүнө кайрылсаңыздар болот.

Уюштуруучулар: **Билим берүүнүн сапаты бөлүмү;**

Окуу бөлүмү